| Q-2024-0009 (Документтин шифри) 15 бет (Беттин саны) 19.04.2024-жыл (Бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университети<br>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ<br>ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу жөнүндөгү жобо |
|---|---|

БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору
К. Г. Кожобеков

# ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН ӨЗ АРА САБАКТАРГА КАТЫШУУСУ ЖӨНҮНДӨГҮ

# ЖОБО

Ош, 2024

| Q-2024-0009 (Шифр документа) 15 стр. (Количество страниц) 19.04.2024 г. (Дата утверждения) | Ошский государственный университет<br>ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА<br>Положение о взаимопосещении занятий профессорско-преподавательским составом |
|---|---|

УТВЕРЖДАЮ
Ректор ОшГУ
Кожобеков К.Г.

# ПОЛОЖЕНИЕ О ВЗАИМОПОСЕЩЕНИИ ЗАНЯТИЙ ПРОФЕССОРСКО-ПРЕПОДАВАТЕЛЬСКИМ СОСТАВОМ

2024, год

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | ПО курамдын өз ара сабактарга катышуусу жөнүндөгү жобо |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2024-жылдын 19-апрелиндеги ОшМУнун Административдик кеңешинин №22 протоколунун чечими менен бекитилген |
| Документтин шифри | **Q-2024-0009** |
| Документтин кыскача аннотациясы | Жобо Ош мамлекеттик университетинде педагогикалык курамдын сабактарына катышууну жана өз ара катышууну уюштуруунун тартибин белгилейт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

## ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение о взаимопосещении занятий профессорско-преподавательского состава. |
| Инициация документа | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Утверждено решением Административного совета ОшГУ № 22 от 19 апреля 2024 года. |
| Шифр документа | **Q-2024-0009** |
| Аннотация документа | Настоящее Положение определяет порядок организации посещения и взаимопосещения занятий педагогическим составом в Ошском государственном университете. Положение является документом системы обеспечения качества университета. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Шарттуу кыскартуулар | 3 |
| 3. | 1. Жалпы жоболор | 3 |
| 4. | 2. Сабакка катышуунун жана өз ара катышуунун максаттары | 5 |
| 5 | 3. Сабакка катышуунун жана өз ара катышуунун милдеттери. Жалпы милдеттер | 6 |
| 6 | а) Сабакка катышуучунун милдеттери | 7 |
| 7 | б) Сабак өткөн окутуучунун милдеттери | 7 |
| 8. | 4. Сабактарга катышуу жана өз ара катышууну уюштуруу | 8 |
| 9. | 5. Сабактарга катышуунун тартиби | 9 |
| 10. | 6. Педагогикалык ишмердүүлүктү баалоо | 10 |
| 11 | 7. Сабактардын сапатын анализинин жыйынтыгы боюнча түзөтүүчү жана алдын алуучу иш-чаралар | 11 |


## СОДЕРЖАНИЕ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Титульный лист | 1 |
| 2. | Условные сокращения | 3 |
| 3. | 1. Общие положения | 3 |
| 4 | 2. Цели посещения и взаимопосещения занятий | 5 |
| 5. | 3. Задачи посещения и взаимопосещения занятий. Общие задачи | 6 |
| 6. | а) Обязанности посещающего занятия | 7 |
| 7. | б) Обязанности преподавателя, проводящего занятие | 7 |
| 8. | 4. Организация посещения и взаимопосещения занятий | 8 |
| 9. | 5. Порядок посещения занятий | 9 |
| 10. | 6. Оценка педагогической деятельности | 10 |
| 11. | 7. Корректирующие и предупреждающие мероприятия по результатам анализа качества занятий | 11 |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | Сабактардын сапатын баалоо барагы. Тиркеме. 1-вариант | 12 |
| 13. | 2-вариант. | 15 |



| | | |
|---|---|---|
| 12. | Лист оценки качества занятий Приложение. Вариант 1 | 12 |
| 13. | Вариант 2 | 15 |


**Шарттуу кыскартуулар:**

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети

ОМК – окуу-методикалык кеңеш

ОСМКБ – окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү

ПО курамы – профессордук-окутуучулук курамы

НББП – негизги билим берүү программалары

ПЦК – предметтик циклдик комиссия

КБТ – компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар

**УСЛОВНЫЕ СОКРАЩЕНИЯ:**

ОшГУ – Ошский государственный университет

УМК – учебно-методический совет

ОКОМО – отдел качества обучения и методического обеспечения

ПО состав – профессорско-преподавательский состав

ООП – основная образовательная программа

ПЦК – предметно-цикловая комиссия

КОЗ - компетентностно-ориентированные задания

## I. Жалпы жоболор

1.1. Жобо Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары - ОшМУ) педагогикалык курамдын сабактарына катышууну жана өз ара катышууну уюштуруунун тартибин белгилейт.

1.2. Сабактарга катышуунун туруктуулугу жана жеткилендиги окутуучулардын профессионалдык өсүшүнө жана студенттердин окуу жана тарбиялоо процессинде ийгиликке жетишүүсүнө өбөлгө түзөт.

1.3. Профессордук-окутуучулук курамдын өз ара сабактарга катышуусу ачык-айкын, билим-тажрыйба алмашуу жана кесиптик өнүгүү милдеттерин көздөйт.

1.4. Коллегалар ортосунда ой-пикирлерди алмашуу жана окуу процессинин сапатын жакшыртуу үчүн өз ара колдоо көрсөтүлөт.

## I. Общие положения

1.1. Положение определяет порядок организации посещения и взаимопосещения занятий педагогическим составом в Ошском государственном университете (далее – ОшГУ).

1.2. Регулярность и качество посещения занятий способствует профессиональному росту преподавателей и успешности студентов в учебном и воспитательном процессах.

1.3. Взаимопосещение занятий педагогическим составом обеспечивает прозрачность, обмен знаниями и опытом, а также профессиональное развитие.

1.4. Осуществляется взаимная поддержка среди коллег для обмена мнениями и повышения качества учебного процесса.

| | |
|---|---|
| 1.5. Окутуучулардын өз ара катышуусу сабактарга ар тараптуу мамиле кылууга шарт түзөт жана окуу программасынын интеграциясын жана тармактар аралык кызматташтыкты жакшыртат.<br>1.6. Окутуучулар өздөрүнүн предметтерин бири-бирине байланыштыруу жана окутуу материалдарын жана темаларды тереңдетип, кененирээк контексте карап чыгуу ыкмаларын өнүктүрүүгө жардам берет.<br>1.7. Өз ара сабактарга катышуу окутуучуларга студенттердин сабакка болгон мамилесин жана алардын муктаждыктарын жакшыраак түшүнүп, ошого жараша окутуу стратегияларын ылайыкташтырууга мүмкүнчүлүк түзөт.<br>1.8. Окутуучулардын өз ара сабактарга катышуусу да институционалдык маданиятты жакшыртып, алардын ортосунда ишенүүнү жана профессионалдуулукту өстүрөт.<br>1.9. Предметтер аралык түшүнбөстүктөрдү азайтуу маанилүү роль ойнойт. Окутуучулар сабакка катышуу аркылуу, түшүнбөстүктөрдү алдын ала болжоп, чечүүгө даяр болушат.<br>1.10. Окутуучулар өздөрүнүн жана башкалардын сабактарынан жаңы окуу жана окутуу ресурстарын, методикаларын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк алышат, аларды өз сабактарына колдоно алышат.<br>1.11. Санариптик каражаттар жана интерактивдүү окутуу технологиялары боюнча маалымат алмашуу окутуучуларга билим берүү процессине заманбап куралдарды жана ресурстарды тартууга жардам берет.<br>1.12. Эффективдүүлүктү жана таасирдүүлүктү жогорулатуучу кошумча мастер класс, тренинг, семинарлардын жана воркшоптордун өткөрүлүшүнө шарт түзөт.<br>1.13. Бул педагогикалык ыкма окутуучулардын бири-биринен үйрөнүшү, тажрыйба алмашуусу жана өнүгүүдөгү колдоосу алардын жеке өнүгүү максаттарына жетишүүсүнө жардам берет, ишенимди күчөтөт.<br>1.14. Өз ара сабактарга катышуу жаңычыл идеялардын жана чечимдердин жаралышын шарттайт, ошону менен катар чыгармачылык жана инновациялык жетишкендиктердин өсүшүнө таасир этет.<br>1.15. Сабактарга катышууну уюштуруп-жүргүзүүчүлөр факультеттер, институттар, кафедралар, ПЦКлар жана окуу-методикалык кеңеш (мындан ары – ОМК) болуп эсептелет. | 1.5. Взаимопосещение способствует всестороннему подходу к занятиям и улучшает интеграцию учебных программ и междисциплинарное сотрудничество.<br>1.6. Преподаватели развивают навыки связывать свои предметы, углублять темы и рассматривать их в более широком контексте.<br>1.7. Взаимопосещение позволяет преподавателям лучше понимать отношение студентов к занятиям и их потребности, что способствует адаптации учебных стратегий.<br>1.8. Взаимопосещение укрепляет институциональную культуру, доверие и профессионализм среди педагогов.<br>1.9. Снижает межпредметные недопонимания: преподаватели через участие в занятиях прогнозируют и предотвращают возможные проблемы.<br>1.10. Преподаватели получают возможность изучать новые образовательные ресурсы и методики, применяемые в их и чужих занятиях.<br>1.11. Обмен информацией о цифровых средствах и интерактивных технологиях способствует внедрению современных инструментов и ресурсов в учебный процесс.<br>1.12. Создаются условия для проведения мастер-классов, тренингов, семинаров и воркшопов, повышающих эффективность преподавания.<br>1.13. Метод способствует обучению друг у друга, обмену опытом и поддержке в профессиональном развитии, усиливает уверенность.<br>1.14. Взаимопосещение стимулирует появление новых идей и решений, развитие творческих и инновационных достижений.<br>1.15. Организаторами и ответственными за проведение посещений занятий являются факультеты, институты, кафедры, ПЦК и учебно-методический совет (далее – УМС).<br>1.16. Посещение и взаимопосещение регулируются, контролируются и мониторятся ОКОМО.<br>1.17. Руководители кафедр, отделов, ПЦК, председатели ОМК обеспечивают участие каждого штатного преподавателя в не менее |

| | |
|---|---|
| 1.16. Сабактарга катышуу жана өз ара катышууну ОСМКБ тарабынан жөнгө салынат, көзөмөлдөнөт, мониторинг жүргүзүлөт.<br>1.17. Кафедранын, бөлүмдүн башчылары, ПЦК жетекчилери, ОМК төрагалары – жылына 6, ар бир штаттык окутуучунун 8ден кем эмес сабактарга өз ара катышуусу жана жаш окутуучулардын тажрыйбалуу окутуучулардын сабактарына катышуусу 10дон кем эмес болуусу шарт.<br>1.18. Жаш окутуучуларды ишке кабыл алууда кафедранын, бөлүмдүн башчысы, кафедранын, бөлүмдүн усулдук иштер боюнча жооптуусу, структуранын методикалык кеңешинин төрагалары биргелешип (кеминде 3 жолу), ал эми ОСМКБнын адистери бардык жаңы келген окутуучуларга 1 жолу кирет. Эскертүү: сабак максатына жетпей калган учурда, ОСМКБнын адистери жаш окутуучуга усулдук жардам көрсөтүп, кеңеш берип, белгилүү мөөнөттөн кийин сабагына кайра кирет.<br>1.19. Ачык, көрсөтмөлүү, моделдик сабактарды жана мастер-класстарды уюштуруп, өткөн окутуучулар “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндөгү” жобосуна ылайык тиешелүү баллдарды алышат.<br>1.20. Уюштуруучулар жана администрация окутуучуларга сабак өтүү жана окутуу максаттарына жетишүүсүнө зарыл шарттарды түзөт.<br><br>**2. Сабакка катышуунун жана өз ара катышуунун максаттары**<br>Сабактарга катышуунун жана өз ара катышуунун максаты болуп төмөнкүлөр саналат:<br>- окутуунун сапатын жогорулатуу жана окутуу ыкмаларын оптималдаштыруу;<br>- кызыкдар тараптардын (керектөөчүлөрдүн) талаптарын канааттандырууну камсыз кылуу жана билим берүү процессин жакшыртуу;<br>- өз ара тажрыйба алмашып, педагогикалык чеберчиликти жогорулатууга шарт түзүү;<br>- окутуучулардын өз ара карым-катнашын күчөтүп, жамааттын жемиштүү иштешине өбөлгө түзүү; | чем 8 занятиях в год, а молодых преподавателей – в не менее чем 10 занятиях опытных коллег.<br>1.18. При приёме на работу молодых преподавателей заведующий кафедрой или отделом, ответственный за методическую работу на кафедре или в отделе, а также председатели методического совета структурного подразделения совместно проводят мероприятия (не менее 3 раз), а специалисты ОСМКБ проводят ознакомление для всех новых преподавателей один раз. Примечание: в случае, если цели занятия не достигнуты, специалисты ОСМКБ оказывают молодому преподавателю методическую помощь и консультации, после чего повторно посещают его занятие через установленный срок.<br>1.19. Открытые, демонстрационные, модельные занятия и мастер-классы проводятся с начислением баллов в соответствии с Положением «О ежегодном рейтинге профессорско-преподавательского состава ОшГУ».<br>1.20. Организаторы и администрация создают преподавателям необходимые условия для проведения занятий и достижения образовательных целей.<br><br>**2. Цели посещения и взаимопосещения занятий**<br>Целями посещения и взаимопосещения занятий являются:<br>• повышение качества преподавания и оптимизация методов обучения;<br>• удовлетворение требований заинтересованных сторон (потребителей) и улучшение образовательного процесса;<br>• обмен опытом и создание условий для повышения педагогического мастерства;<br>• укрепление взаимодействия преподавателей и создание условий для эффективной работы коллектива;<br>• стимулирование профессионального роста преподавателей и повышение общей результативности обучения; |

| | |
|---|---|
| - окутуучуларды кесиптик өсүшүнө шыктандыруу жана жалпы окутуу-үйрөнүүнүн натыйжалуулугун жакшыртуу;<br>- академиялык байланыштардын чыңдалышы жана кесиптештердин тажрыйбаларынын натыйжаларын бөлүшүү.<br><br>**3. Сабакка катышуунун жана өз ара катышуунун милдеттери**<br>**Жалпы милдеттер:**<br>3.1. Кесиптик жогорку деңгээлдеги даярдыкты камсыздоо максатында студенттер үчүн көрсөтүлүүчү лекциялык, практикалык, семинардык, лабораториялык материалдардын сапатын камсыз кылуу.<br>3.2. Окутуучулардын ортосундагы өз ара пикир алмашууну чыңдоо, тажрыйба бөлүшүү жана методологиялык маселелерди талкуулоо.<br>3.3. Сабактардын планын жана программасын так жана системалуу түрдө ишке ашыруу аркылуу окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу.<br>3.4. Сабактарда студенттердин активдүү катышуусун камсыздоо, окуу процессине кызыгуусун арттыруу жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү.<br>3.5. Сабактардын мазмунун жакшыртуу максатында ар кандай илимий, билим берүүчү жана акыркы технологияларды изденүү, дидактикалык жабдыктарды даярдоо жана пайдалануу.<br>3.6. Этикалык жана кесиптик стандарттарга ылайык аракеттенүү, студенттердин укуктарын сыйлоо жана коллегалар арасындагы ынтымакты сактоо.<br>3.7. Баа коюу процессинде ачык-айкындык жана адилеттүүлүк принциптерин сактоо, студенттерге баалоонун критерийлери тууралуу маалыматтарды алдын ала берүү.<br>3.8. Максаттуу, жөндөмдүү студенттерди колдоо жана алардын ийгиликке жетүүсүнө көмөктөшүү, таланттарды өнүктүрүү жана лидерлик касиеттерин бекемдөө.<br>3.9. Маанилүү педагогикалык жана административдик маселелер боюнча университеттин жетекчилигине кеңеш берүү жана стратегиялык пландаштырууга катышуу. | • укрепление академических связей и обмен результатами профессионального опыта коллег.<br><br>**3. Задачи посещения и взаимопосещения занятий**<br>**Общие задачи:**<br>3.1. Обеспечение высокого профессионального уровня подготовки и качества лекционных, практических, семинарских и лабораторных материалов, предоставляемых студентам.<br>3.2. Укрепление обмена мнениями между преподавателями, совместное обсуждение опыта и методологических вопросов.<br>3.3. Повышение эффективности учебного процесса через точное и системное выполнение планов и программ занятий.<br>3.4. Обеспечение активного участия студентов в занятиях, повышение интереса к учебному процессу и развитие критического мышления.<br>3.5. Совершенствование содержания занятий посредством поиска новых научных, образовательных и современных технологий, подготовки и использования дидактического оборудования.<br>3.6. Действовать в соответствии с этическими и профессиональными стандартами, уважать права студентов и поддерживать коллегиальную атмосферу.<br>3.7. Соблюдать прозрачность и справедливость в процессе оценки, заранее информировать студентов о критериях оценки.<br>3.8. Целенаправленно поддерживать способных студентов, способствовать их успеху, развивать таланты и укреплять лидерские качества.<br>3.9. Консультировать руководство университета по важным педагогическим и административным вопросам, участвовать в стратегическом планировании.<br>3.10. При работе со студентами разного культурного и этнического происхождения соблюдать инструкции сотрудников и политику диверсификации. |

| | |
|---|---|
| 3.10. Көп маданий жана этникалык ар түрдүүлүктөгү студенттер менен иштөөдө кызматкерлердин көрсөтмөлөрүнө жана диверсификациялык саясатына ылайык келтирүү.<br>3.11. Сабактарга катышуу планы өз ара макулдашылган жана окуу жайдын башка иш-чараларына тоскоол болбогон жол менен уюштурулушу зарыл.<br><br>**А) Сабакка катышуучунун милдеттери**<br>• Сабактардын мазмунуна, структурасына, окутуу технологияларына сапаттуу талдоо жүргүзүү, окутуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүн баалоо жана бул тажрыйбаны өз ишине колдонуу.<br>• Сабакта байкалган жакшы жана жетишсиз жактар боюнча конструктивдүү сын-пикирди берүү жана талкууга ачык болуу.<br>• Курстун мазмунун жакшыртуу жана академиялык сапатка салым кошуу максатында окутуунун мыкты тажрыйбаларын жайылтуу.<br>• Сабактарда өз ойлорун билдирүүдө сыпаалыкты сактоого жана профессионалдык этиканы кармануу.<br>• Окутуучуларга жеке жана профессионалдык деңгээлин жакшыртууга багытталган ресурстар жана иш-чаралар тууралуу сунуштарды берүү.<br>• Жаш окутуучуларга менторлоо, профессионалдык өсүү үчүн колдоо көрсөтүүгө даяр болуу.<br><br>**Б) Сабак өткөн окутуучунун милдеттери:**<br>• Өздөрүнүн сабактарына кесиптештердин катышуусу үчүн шарт түзүү жана бул карым-катнашты колдоо.<br>• Сабактан кийинки рефлексия жүргүзүү жана коллегалардын сунуштарын назарда тутуп, окутуу практикасында өзгөрүүлөрдү эске алуу жана жакшыртуу.<br>• Катышуучуларга өтүлүүчү сабактын иштелмесин алдын-ала берүү.<br>• Сабакка катышкан коллегалар менен ачык диалог жүргүзүү жана өзүнүн мектодикасын жакшыртуу үчүн пикир алышуу. | 3.11. План посещений должен быть согласован между преподавателями и не мешать проведению других мероприятий университета.<br><br>**А) Обязанности участника занятий**<br>• Проводить качественный анализ содержания, структуры и технологий обучения занятий, оценивать особенности применяемых методов и использовать этот опыт в собственной работе.<br>• Давать конструктивную обратную связь по выявленным сильным и слабым сторонам занятия и быть открытым к обсуждению.<br>• Распространять лучшие практики преподавания с целью улучшения содержания курса и вклада в академическое качество.<br>• Соблюдать в выражении своих мыслей корректность и профессиональную этику.<br>• Давать предложения о ресурсах и мероприятиях, направленных на повышение личного и профессионального уровня преподавателей.<br>• Быть готовым к менторству и поддержке молодых преподавателей в профессиональном росте.<br><br>**Б) Обязанности преподавателя, проводящего занятие**<br>• Создавать условия для участия коллег в своих занятиях и поддерживать этот процесс взаимодействия.<br>• Проводить рефлексию после занятия, учитывать предложения коллег и вносить изменения для улучшения учебной практики.<br>• Предоставлять участникам предварительно разработанный план или сценарий занятия.<br>• Вести открытый диалог с коллегами, участвующими в занятии, и обмениваться мнениями для совершенствования методики. |

| | |
|---|---|
| • Өзүн-өзү баалоосу, коллегалардын сунуштары жана окутуунун башка жактары боюнча берилген ой-пикирлерди эске алып өзүн-өзү өнүктүрүү планына кошуу.<br>• Студенттер үчүн окутуу процессин жакшыртуу максатында технологияны жана медиа ресурстарын пайдалануу.<br><br>**4. Сабакка катышууну жана өз ара катышууну уюштуруу**<br><br>4.1. Кафедранын (ПЦКнын) окутуучуларынын өз ара сабакка катышуусунун планы окуу жылынын башында кафедранын отурумунда графиктер коюлуп, бекитилет.<br>4.2. ОшМУнун түзүмдөрүндө сабактарга катышуу жана өз ара катышуу ачык, көрсөтмөлүү, моделдик сабактар жана мастер-класстар аркылуу жүргүзүлөт.<br>4.3. Тажрыйбалуу окутуучулар жаңы келген же жаш окутуучуларга менторлук кылып, окутуу тажрыйбаларынан бөлүшүп, кызматкерлердин өсүп-өнүгүүсүнө жардам беришет.<br>4.4. Түзүмдүн ОМК төрагалары учурдагы окуу жылында өткөрүлүүчү ачык, көрсөтмөлүү, моделдик сабактар жана мастер-класстар жөнүндө маалымат даярдайт жана ОшМУнун сайтына, бөлүмдүн маалымат стендине жайгаштырат.<br>4.5. ОМК мүчөлөрү өтүлө турган ачык, көрсөтмөлүү, моделдик сабактар жана мастер-класстардын темаларынын реестрин жүргүзүп, маалымат базасын түзөт.<br>4.6. Мыкты деп табылган сабактардын видео жазууларын ОшМУнун Алтын фондуна жайгаштырат.<br>4.7. Сабактарга катышып жаткан окутуучу тарабынан белгиленген критерийлер боюнча, өтүлгөн сабактардын сапатын баалоо баракчасы толтурулат. (Тиркеме)<br>4.8. Сабакка анализ берилип, протокол түзүлөт. Сабак өткөн окутуучу баалоо баракчасы менен тааныштырылат.<br>4.9. Кафедрада сабактарга өз ара катышуунун журналына же атайын формаларга катышуунун натыйжалары боюнча маалымат тиркелет.<br>4.10. Сабактарга өз ара катышуулар боюнча суроолор, сунуштар кафедранын, бөлүмдүн жыйынынын планына киргизилет. Аны кароонун графиги кафедра башчы же ПЦК жетекчиси тарабынан аныкталат. | • Учитывать самооценку, предложения коллег и замечания по другим аспектам преподавания при составлении плана личного профессионального развития.<br>• Использовать технологии и медиаресурсы для улучшения учебного процесса для студентов.<br><br>**4. Организация посещения и взаимопосещения занятий**<br><br>4.1. План взаимопосещения занятий преподавателями кафедры (ПЦК) утверждается на заседании кафедры в начале учебного года, где устанавливаются графики.<br>4.2. В структурах ОшГУ посещение и взаимопосещение проводится через открытые, демонстрационные, модельные занятия и мастер-классы.<br>4.3. Опытные преподаватели выполняют менторскую функцию для новых или молодых преподавателей, делятся опытом преподавания и способствуют профессиональному росту сотрудников.<br>4.4. Председатели методического совета структурного подразделения подготавливают информацию об открытых, демонстрационных, модельных занятиях и мастер-классах, проводимых в текущем учебном году, и размещают её на сайте ОшГУ и на информационном стенде подразделения.<br>4.5. Члены методического совета ведут реестр тем предстоящих открытых, демонстрационных, модельных занятий и мастер-классов и формируют информационную базу.<br>4.6. Видеозаписи признанных лучших занятий размещаются в «Золотом фонде» ОшГУ.<br>4.7. Преподаватель, участвующий в занятии, заполняет лист оценки качества проведённых занятий по установленным критериям (Приложение).<br>4.8. Проводится анализ занятия, составляется протокол, и преподаватель, проводивший занятие, знакомится с листом оценки. |

| | |
|---|---|
| 4.11. Сабакка жана өз ара сабактарга катышуулардын жыйынтыгы боюнча структуранын методикалык секцияларынын жыйналыштарында талкуулар өткөрүлүп, протоколдордо чагылдырылып, алдын алуучу жана түзөтүүчү иш-аракеттер белгиленет.<br>4.12. Университеттин деңгээлинде сабактарга катышуунун натыйжасында алынган маалыматтарды талдоо ОСМКБ тарабынан жүргүзүлөт жана ОМКнын отурумунда, административдик кеңеште талкууланат. Талап кылган учурда жыйынтыктар Окумуштуулар кеңешине берилет.<br>4.13. Сабактарга катышуунун натыйжаларына талдоо үчүн маалымат матрицалар, диаграммалар жана таблицалар түрүндө берилген статистикалык маалыматтарды камтыйт.<br><br>**5. Сабактарга катышуу тартиби**<br><br>5.1. Сабактарга катышуу кафедранын, бөлүмдүн башчылары, ПЦК жетекчилери, метод-кеңештин төрагалары же ОСМКБда бекитилген жумушчу топ тарабынан ишке ашырылат;<br>5.2. Кафедраларда, ПЦКларда өтүлө турган сабактардын мазмунун, ыкмаларын жана материалдарын алдын ала талкуулашат.<br>5.3. Окутуучу сабакка даярданып, аны убагында жана план боюнча өткөрөт. Сабак өтүү убактысын кесиптештерине кеминде бир күн мурда кабардар кылат.<br>5.4. Кафедранын, бөлүмдүн башчылары, ПЦКнын жетекчилери, ОМК төрагалары жана башка катышуучулар окутуучуга анын сабагына катыша тургандыгын кеминде бир күн мурда билдириши шарт.<br>5.5. Катышуучулар сабак башталганга чейин окуу каанасына киришет;<br>5.6. Сабакка катышкан окутуучу жана адистер сабактын сапатын баалоо барагын толтурат (Тиркеме);<br>5.7. Сабак аяктагандан кийин, өтүлгөн сабакка катышуучулардын ар бири комментарий жана сунуштарды берет.<br>5.8. Катышуу тууралуу протокол түзүлөт жана протоколдун көчүрмөсү кафедранын, бөлүмдүн башчысына же ОСМКБга берилет.<br>5.9. Студенттер сабакка толук катышуусу керек жана алардын жетишүүсү жана ийгиликтери баалоо критерийлерине ылайык документтеширүүгө алынат. | 4.9. Результаты взаимопосещения фиксируются в журнале посещений кафедры или в специальных формах.<br>4.10. Вопросы и предложения по взаимопосещениям включаются в план заседаний кафедры или подразделения. График рассмотрения определяется заведующим кафедрой или руководителем ПЦК.<br>4.11. По итогам посещений и взаимопосещений проводятся обсуждения на заседаниях методических секций подразделений, результаты фиксируются в протоколах, а также определяются корректирующие и профилактические меры.<br>4.12. На уровне университета анализ данных, полученных в результате посещений, проводится ОКОМО и обсуждается на заседаниях методического совета и административного совета. При необходимости результаты предоставляются Учёному совету.<br>4.13. Для анализа результатов посещений занятия предоставляются статистические данные в виде матриц, диаграмм и таблиц.<br>**5. Порядок посещения занятий**<br>5.1. Посещение занятий осуществляется заведующими кафедр и отделов, руководителями ПЦК, председателями методических советов или рабочей группой, утверждённой ОСМКБ.<br>5.2. Содержание, методы и материалы предстоящих занятий обсуждаются заранее на кафедрах и ПЦК.<br>5.3. Преподаватель готовится к занятию и проводит его вовремя и в соответствии с планом. О времени проведения занятия коллеги уведомляются как минимум за один день.<br>5.4. Заведующие кафедр и отделов, руководители ПЦК, председатели методических советов и другие участники обязаны за один день уведомить преподавателя о своём участии в занятии.<br>5.5. Участники посещения входят в аудиторию до начала занятия.<br>5.6. Преподаватель и специалисты, участвующие в занятии, заполняют лист оценки качества проведённого занятия (Приложение).<br>5.7. После окончания занятия каждый участник предоставляет комментарии и предложения по проведённому занятию. |

| | |
|---|---|
| 5.10. Окутуучулар өздөрүнүн ачык эшиктер күндөрүн өткөрүп, ал күнү башка кесиптештерди жана студенттерди сабактарга катышууга чакырышат.<br><br>**6. Педагогикалык ишмердүүлүктү баалоо**<br><br>Педагогикалык ишмердүүлүктү баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:<br>• сабактын структурасын сактоо: уюштуруучулук жагына басым жасоо, тарбиялык-психологиялык мотивациянын болушу, болочок кесип менен байланышы, максаттын коюлушу, студенттер менен бирге күтүлүүчү натыйжалардын аныкталышы, баалоо критерийлеринин ишке ашырылышы, КБТлардын түзүлүшү, материалды актуалдаштыруу жана бекемдөө менен окутуу ж.б.;<br>• сабакта убакытты бөлүштүрүүнүн рационалдуулугу;<br>• сабакта колдонулган методдордун эффективдүүлүгү, коюлган максаттарга шайкештиги жана теманы өздөштүрүүнүн заманбап формаларын колдонуу, материалдардын жеткиликтүүлүгү;<br>• сабактарга даярдыктын деңгээли: техникалык даярдык, дидактикалык материалдын, силлабус, сабактын иштелмеси, лекциялардын конспектилери, презентациялар ж.б. болушу;<br>• окутуучунун сабактын теориялык материалын билүү деңгээли;<br>• студенттердин таанып-билүү ишмердигин башкаруу, студенттерге жекече мамиленин болушу, кайтарым байланышты түзүүсү;<br>• студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруусу;<br>• кептин экспрессивдүүлүгү же монотондуулугу, маалымат берүү процессинде акценттерди туура түзө билүүсү;<br>• сабак учурундагы психологиялык климат ж.б. (Сабакка анализ берүү баракчасынын эки варианты тиркелет). | 5.8. Составляется протокол посещения, копия которого передаётся заведующему кафедрой, отделом или в ОКОМО.<br>5.9. Студенты должны полностью участвовать в занятии, а их достижения и успехи документируются в соответствии с критериями оценки.<br>5.10. Преподаватели проводят дни открытых дверей, приглашая коллег и студентов участвовать в занятиях в этот день.<br>**6. Оценка педагогической деятельности**<br>При оценке педагогической деятельности учитываются следующие аспекты:<br>• соблюдение структуры занятия: акцент на организационную часть, наличие воспитательно-психологической мотивации, связь с будущей профессиональной деятельностью, постановка цели занятия, определение ожидаемых результатов совместно со студентами, реализация критериев оценивания, разработка компетентностно-ориентированных заданий (КОЗ), актуализация и закрепление учебного материала и др.<br>• рациональное распределение времени на занятии.<br>• эффективность используемых методов, соответствие поставленным целям, применение современных форм усвоения темы, доступность материалов.<br>• уровень подготовки к занятиям: техническая готовность, наличие дидактических материалов, силлабусов, разработок занятий, конспектов лекций, презентаций и др.<br>• уровень знания преподавателем теоретического материала по теме занятия.<br>• управление познавательной деятельностью студентов, индивидуальный подход к студентам, организация обратной связи.<br>• организация самостоятельной работы студентов.<br>• экспрессивность речи или монотонность, умение расставлять акценты в процессе подачи информации.<br>• психологический климат на занятии и др. |

| | |
|---|---|
| **7. Сабактардын сапатын анализдөөнүн жыйынтыгы боюнча түзөтүүчү жана алдын алуучу иш-чаралар**<br>• Билим берүү программасын камсыз кылууда окуу-методикалык иштерди өркүндөтүү зарылчылыгы жөнүндө чечим кабыл алуу;<br>• Окутуу процессине жаңы методдор жана интерактивдүү технологияларды киргизүү зарылчылыгы жөнүндө чечим кабыл алуу;<br>• Жогорку чеберчиликте өткөн окутуучулардын тажрыйбасын жайылтуу;<br>• Окутуучуну квалификациясын жогорулатуу курстардан өтүүсүнө сунуш берүү;<br>• Катышуучулардын сабакка берген анализи боюнча, сабак максатына жетпей калгандыгы белгиленсе, белгилүү бир убакыт аралыгында кайрадан сабак өтүү;<br>• Окутуучуга кеп-кеңеш, методикалык жардам көрсөтүлгөндөн кийин, ал өзүнүн профессионалдык деңгээлин көтөрүү үчүн аракет кылбаса, эскертүүдөн кийинки сабакты өз деңгээлинде өтпөсө, кафедранын башка тажрыйбалуу окутуучусу менен алмаштыруу;<br>• Сабак өткөн окутуучу катышуучулардын сын-пикирлери, сунуштарына макул болбогон учурда, университеттин деңгээлинде комиссия түзүү боюнча сунуштарды берүүгө укуктуу;<br>• жана башка чечимдерди кабыл алуу. | *(К двум вариантам листа анализа занятия прилагаются формы для оценки).*<br>**7. Корректирующие и профилактические меры по результатам анализа качества занятий**<br>• Принятие решений о необходимости совершенствования учебно-методической работы для обеспечения образовательных программ.<br>• Принятие решений о необходимости внедрения новых методов и интерактивных технологий в учебный процесс.<br>• Распространение передового опыта преподавателей, проводящих занятия на высоком профессиональном уровне.<br>• Рекомендация преподавателю пройти курсы повышения квалификации.<br>• В случае, если по результатам анализа занятия участников будет выявлено, что цель занятия не достигнута, проведение повторного занятия в течение определённого временного интервала.<br>• Если после предоставления консультаций и методической поддержки преподаватель не предпринимает усилий для повышения своего профессионального уровня и не проводит следующее занятие на должном уровне, замену осуществляет другой опытный преподаватель кафедры.<br>• В случае несогласия преподавателя с критикой и предложениями участников, он имеет право предложить создание комиссии на уровне университета.<br>• Принятие других решений по необходимости. |

**1-тиркеме**

**1-вариант**

**Компетенттүүлүк мамиледе сабактын анализинин схемасы**

Факультет________________________________________________________________
Курс, группа_____ Дата________
Сабакты өткөн окутуучу__________________________________________________
Сабакка катышкан окутуучу_______________________________________________
Сабакка катышуунун максаты______________________________________________
Сабактын түрү____________________________________________________________
Темасы:__________________________________________________________________
_________________________________________________________________________
Максаттары:______________________________________________________________
_________________________________________________________________________

Катышуучу алдын ала дисциплинанын ОМКсын анализдейт:

- Дисциплинадан күтүлүүчү окутуунун натыйжаларынын аныкталышы, алардын НББПнын күтүлүүчү натыйжаларга шайкештиги.
- Дисциплинанын силлабусунун түзүлүшү, анда ушул өтүлүп жаткан теманын орду, максаттарынын негизделиши жана анын студенттерге жеткирилгендиги.
- Сабактын структурасынын тандалышы жана сакталышы.
- Сабактын этаптарында окутуу технологияларынын максатка ылайык колдонуусу.
- Тандалган методдордун, тапшырмалардын белгиленген компетенцияларды калыптандырууга багытталышы.
- Дисциплина боюнча баалоо каражаттарынын фондунун (БКФ) түзүлүшү.

Сабак максималдуу **42** балл менен бааланат.

**0-11** – сабак максатына жеткен жок.
**12-22** – сабакта белгиленген максаттардын айрым белгилери гана алынды.
**23-34** – сабактын натыйжалары коюлган максаттардын бөлүгүнө туура келет.
**35-42** – сабактын натыйжалары коюлган максаттарга туура келет.

| № | Параметрлер | Критерийлер | Балл | | | Комментарийлер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | |
| 1 | Мотивация | Эмоциялуулук, мазмундуулук, социалдык аспекттер (студент окуу материалынын өзү, кесип үчүн маани-маңызы бар экендигин аңдап түшүнөт). | | | * | |
| 2 | Максаттын коюлушу | Теманын максатын окутуучу аныктайт. | | | * | |
| | | Теманын максатын окутуучу студенттер менен талкуулайт. | | | | |
| | | Окутуучунун түзгөн жагдайынын негизинде максатты студенттер менен бирге аныктайт. | | | | |
| 3 | Окуу тапшырмаларынын мүнөзү | Репродуктивдүү | | | | |
| | | Продуктивдүү, өз алдынча иштөө менен | | | | |
| | | Изденүүчү, чыгармачыл | | | * | |
| 4 | Студенттердин таанып-билүү ишмердигин башкаруу жана сабакта студенттердин ишмердигинин мүнөзү | Студент:<br>• проблеманы өз алдынча табат жана формулировкалайт;<br>• максатты аныктоого катышат, милдеттерди, максатка жетүүнүн жолдорун аныктайт, натыйжаларды божомолдойт;<br>• аракеттердин алгоритмин түзөт;<br>• аракеттерди аткаруу үчүн ресурстарды табат;<br>• пландаштырылган жана алынган натыйжалардын байланыштуулугун изилдейт;<br>• өзүнүн андан-аркы ишмердигин пландаштырат. | | * | | |
| 5 | Теманы өздөштүрүүнүн формалары | • өз алдынча иштөө;<br>• жуптарда иштөө;<br>• топтордо иштөө;<br>• индивидуалдуулугу;<br>• фронталдуу. | | * | | |
| 6 | Колдонулган методдордун эффективдүүлүгү, коюлган максаттарга шайкештиги | • репродуктивдүү;<br>• проблемдүү баяндоо;<br>• изилдөөчү;<br>• сынчыл ойлом технологиялары;<br>• эвристикалык;<br>• продуктивдүү. | | | * | |
| 7 | Жаңычыл технологиялардын колдонулушунун эффективдүүлүгү | • информациялык компетенттүүлүк технологиялары (ИКТ);<br>• проекттик ишмердик;<br>• ишкер оюндары;<br>• кесиптик жагдайлардын анализи;<br>• … … … | | | * | |
| 8 | Студенттердин коммуникациясы | • Кеп маданиятын жана топто иштөө процедураларын сакташат;<br>• түшүнгөндүккө карата суроолор беришет, топтун ишин макулдашып жүргүзүшөт;<br>• коюлган максатка ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн каражаттарын пайдаланышат. | | * | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Компетенцияларды калыптандыруу | • окутуучунун компетенцияларды калыптандыруу боюнча атайын иштери, методдору;<br>• проблемдүү суроолорду коё билүүсү, аны чечүүгө студенттерди катыштыруусу ж.б. | | * | | |
| 10 | Сабакка кайтарым байланыштын уюштурулушу | • текшерүү учурундагы кайтарым байланыш (окутуучу сурайт, студент жооп берет);<br>• окутуучу студенттердин кабылдоосунун түрдүүлүгүн эске алат;<br>• кайтарым байланыш атайын билим берүү чөйрөсү катары (баалар талкууланат) натыйжанын да, ишмердиктин да рефлексиясы. | | | * | |
| 11 | Студенттердин жетишкендиктерин баалоо системасы | • критерийлердин негизинде өздүк баалоо;<br>• жоопторду талкуулоо менен баалоо;<br>• критерийлер боюнча студенттер менен аныктоо;<br>• өз ара баалоо. | | * | | |
| 12 | Рефлексия | • студенттер сабактын натыйжасын талкулашат;<br>• студенттер натыйжаны жана ишмердик процессти талкуулашат;<br>• студенттер сабактын натыйжасын объективдүү анализдешет жана ишмердиктин натыйжаларынын субъективдүү маанисин аныкташат. | | * | | |
| 13 | Сабактын натыйжалуулугу | • сабактын натыйжасы окутуучу койгон максатка дал келет;<br>• сабактын максаты студенттер менен чогуу аныктаган максатка дал келет. | | | * | |
| 14 | Тапшырманын берилиши | • тапшырмада аудиториядагы чечилген проблемалардын кайталанышы;<br>• тапшырма дифференцирленген мүнөздө болуусу;<br>• тапшырмалар компетенттүүлүккө багытталуусу, кошумча маалыматтарды талап кылат. | | | * | |
| 15 | Убакыттын этаптарга ылайыктуу бөлүштүрүлүшү | • убакыт сабактын ар бир этабына карата оптималдуу бөлүштүрүлүшү, тапшырмалардын студенттердин билим деңгээлине ылайык берилген. | | | * | |
| | | **Жалпы балл:** | | | | |

Сабактын өтүлүшү боюнча тыянактар жана сунуштар____________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________

Катышуучунун кол тамгасы: _____ ____________________

**2-вариант**

**Сабактын сапатын баалоо баракчасы**

Окутуучунун Ф.А.А., кызматы ______________________________

____________________________________________________________________________

Сабак өтүлгөн күнү «___»________20___ -ж.
Убакыты______________________________________________________________
Факультети ___________________________________________________________
Группасы______________________________________________________________
Группадагы студенттердин саны _____________________________________
Сабакка катышкан студенттердин саны жана пайызы_______________________
Дисциплина______________________________________________________________
Сабактын түрү___________________________________________________________
Өтүлгөн жери____________________________________________________________
Тема____________________________________________________________________

1. Сабактын расписаниеге ылайык өз убагында башталышы жана бүтүшү, анын расписаниеге ылайык келүүсү

____________________________________________________________________________

2. Лекциянын (практикалык сабактын) темасынын дисциплина боюнча окутуу программага ылайык келиши ____________________________________________________

____________________________________________________________________________

3. Сабактын убактысын үнөмдүү пайдалануу ______________________________________

____________________________________________________________________________

4. Окутуучунун сөзүнүн экспрессивдүүлүгү, предметинин билиши, окуу материалын берүүнүн тактыгы, негизги нерсени бөлүп көрсөтө билүүсү____________________

____________________________________________________________________________

5. Студенттердин суроолоруна жооптордун мазмуну жана тактыгы, окуучулардын билимин жана көндүмдөрүнүн критерийлердин негизинде, объективдүү баалоо жөндөмдүүлүгү______________________________________________________________

____________________________________________________________________________

6. Окутуунун жаны формаларын жана методдорун колдонуусу _______________________

____________________________________________________________________________

Эскертүүлөр_____________________________________________________________

Сунуштар_______________________________________________________________________
__________________________________________________

____________________________________________________________________________

Сабакка катышкан окутуучу

____________________________________________________________________________

(кызматы, окумуштуу даражасы, наамы колу, Ф.А.А.)

Сабакты өткөн окутуучу ________________________________________________________

____________________________________________________________________________

(кызматы, окумуштуу даражасы, наамы колу, Ф.А.А.)

Тааныштым, кафедра (бөлүм) башчы_______________________________________________

____________________________________________________________________________

(кызматы, окумуштуу даражасы, наамы, колу, Ф.А.А.)

2024-ж «___»____________